DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Таштанбек кызы А.*

# ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК БАЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУ ТОКТОТУУ: МЫЙЗАМДЫК НЕГИЗДИН ЖАНА ТАЖРЫЙБАНЫН КЭЭ БИР ЖАГДАЙЛАРЫ

*Таштанбек кызы А.*

# ПРЕКРАЩЕНИЕ НАСИЛИЯ В ОТНОШЕНИИ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ: НЕКОТОРЫЕ АСПЕКТЫ ПРАВОВОЙ ОСНОВЫ И ПРАКТИКИ

*Tashtanbek kyzy A.*

# THE ENDING VIOLENCE AGAINST MINORS: SOME ASPECTS OF THE LEGAL FRAMEWORK AND PRACTICE

*УДК: 34.343*

*Макалада автор учурдагы жашы жете элек балдарга карата зомбулукту токтотуунун кээ бир мыйзамдык негиздерин жана тажрыйбаны иликтөөгө алуу аракетин жасаган. Кыргыз Республикасында акыркы жылдары кабыл алынган мыйзамдар, токтомдор, буйруктар талдоого алынып, алардагы жашы жете элек балдарга карата зомбулукка бөгөт коюу маселеси изилденген. Автордун баасында, көрсөтүлгөн багытта мамлекеттик органдары, укук коргоо органдары, билим берүү органдары тарабынан бир топ жумуш аткарылган. Ошону менен бирге, тилекке каршы, жашы жете элек балдарга карата зомбулук учурлардын ар кандай типтеги мекемелер жана үй-бүлөлөрдө кеңири жайылышы, системдүү болгондугу, мамлекет тарабынан чечилбеген маселелердин калышы - өтө көйгөйлүү. Автордун сунуштары: расмий түрдө бекитилген «Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо кызматкерлери үчүн зомбулукту, кыйноолорду жана катаал мамилелерди натыйжалуу документтештирүү боюнча практикалык колдонмо» иш жүзүндө пайдалануу зарыл, анын документтештирүүдө керектиги чоң; турмуштук оор кырдаалда турган балдарды коргоо боюнча мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү улантуу зарыл; жашы жете элек балдарга карата зомбулукту токтотууда республикада мыйзамдык негиз түзүлгөн, тиешелүү ченемдик укуктук актыларды жогорку кесипкөй деңгээлде аткаруу - адистердин кесипкөй компетенттүүлүгүнө көз каранды.*

***Негизги сөздөр:*** *жашы жете элек балдар, зомбулук, мыйзам, турмуштук оор кырдаал, юридикалык жоопкерчилик, коом, укук, үй-бүлө.*

*В статье рассматриваются отдельные вопросы законодательства и практики в противодействии насилию в отношении несовершеннолетних. Проанализированы законы, указы и распоряжения, принятые в Кыргызской Республике в последние годы, изучается вопрос предотвращения насилия в отношении несовершеннолетних. По оценке автора, в этом направлении проделана большая работа государственными структурами, правоохранительными органами, органами образования. В то же время, к сожалению, распространенность системного насилия в отношении несовершеннолетних в различных типах учреждений и семей, его системный характер и сохранение нерешенных государством вопросов очень проблематичны. Рекомендации автора: необходимо использовать официально утвержденное «Практическое руководство для медицинских работников Кыргызской Республики по эффективному документированию случаев насилия, пыток и жестокого обращения», что очень важно при документировании таких случаев; необходимо продолжить межведомственное взаимодействие с государственными органами и органами местного самоуправления по защите детей в сложных жизненных ситуациях; в стране создана правовая база для прекращения насилия в отношении несовершеннолетних, выполнение соответствующих положений на самом высоком профессиональном уровне зависит от профессиональной компетенции специалистов.*

***Ключевые слова:*** *несовершеннолетние, насилие, закон, трудная жизненная ситуация, юридическая ответственност, общество, право, семья.*

*The article examines certain issues of legislation and practice in countering violence against minors. The laws, decrees and orders adopted in the Kyrgyz Republic in recent years are analyzed, and the issue of preventing violence against minors is studied. According to the author, a lot of work has been done in this direction by government agencies, law enforcement agencies, and education authorities. At the same time, unfortunately, the prevalence of systemic violence against minors in various types of institutions and families, its systemic nature and the persistence of issues unresolved by the state are very problematic. Recommendations of the author: it is necessary to use the officially approved "Practical Guide for Medical Workers of the Kyrgyz Republic on Effective Documentation of Cases of Violence, Torture and Ill-treatment", which is very important when documenting such cases; it is necessary to continue interdepartmental interaction with state bodies and local self-government bodies to protect children in difficult life situations; a legal framework has been created in the country to end violence against minors, and the implementation of the relevant provisions at the highest professional level depends on the professional competence of specialists.*

***Key words:*** *minors, violence, law, difficult life situation, legal responsibility, society, law, family.*

Акыркы мезгилде жашы жете элек балдарга карата зомбулук учурлардын ар кандай типтеги мекемелер жана үй-бүлөлөрдө кеңири жайылышы, системдүү болгондугу, мамлекет тарабынан чечилбеген маселелердин калышы - өтө көйгөйлүү.

Тилекке каршы, бул жаатта - балдарга карата зомбулук үчүн жазасыз калуу жана жабырлануучу жана кылмыштын күбөлөрү болгон балдардын сот адилеттигине жетүүсүн чектөө башкы маселе бойдон калууда.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Кыргыз Республикасында жашы жете элек балдарга карата зомбулукту токтотуу багытында төмөнкүдөй мыйзамдык негиз түзүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы [1];
- Баланын укуктары жөнүндө Конвенция, анын Факультативдүү протоколдору [2];
- Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодекси [3];
- Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси [4];
- Кыргыз Республикасынын Жазык аткаруу кодекси [5];
- Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси [6];
- Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо жөнүндө" мыйзамы [7];
- "КРдин кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз мамилелердин алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору жөнүндө" мыйзамы [8];
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы [9];
- Кыргыз Республикасынын "Мугалимдердин статусу жөнүндө" мыйзамы [10];
- КРдин Өкмөтүнүн "2015-2017-жылдарга балдарга карата ырайымсыз мамилелердин жана зомбулуктун алдын алуу боюнча иш-чаралар Планы" боюнча буйругу [11];
- КРдин Өкмөтүнүн "Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды аныктоо жана социалдык колдоо жөнүндө жобо" боюнча буйругу [12];
- КРдин Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-2028-жылдарга үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо программасын бекитүү" буйругу [13];
- КРдин Өкмөтүнүн "2019-2020-жылдарга карата Балдарга карата ырайымсыздыктын жана зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча шашылыш иш-чаралардын планын бекитүү" боюнча буйругу [14];
- КРдин Ички иштер министрлигинин "Республиканын Ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайларынын ишин уюштуруу чаралары жөнүндө" буйругу [15];
- КРдин Ички иштер министрлигинин "Республиканын Ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайларында видеобайкоо тутуму жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө" буйругу [16];
- КРдин Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобосу [17];
- КРдин балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобосу [18];
- "Жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки уюмдардын педагогикалык жана башкаруучу кызматкерлерине коюлган квалификациялык талаптар" [19];
- "2016-2018-жылдарга Кыргыз Республикасында балдар жана жаштар арасындагы суициддин, укук бузуулардын жана кылмыштардын алдын алуу боюнча" ведомстволор аралык иш планы [20];
- "2014-2018-жылдарга Кыргыз Республикасында балдар үчүн юстицияны өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик программа" [21] ж.б.

2019-жылдан баштап, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси күчүнө кирди, анда I категориядагы айыппул түрүндө жазалоону же II категориядагы коомдук жумуштарга тартууну шарттаган физикалык азапты келтирген башка зордук-зомбулук аракеттерди жасагандыгы үчүн жоопкерчилик каралган (65-берене), ошондой эле үй-бүлөдөгү зомбулук үчүн жоопкерчиликти карайт (75-берене).

Үй-бүлөлүк зомбулук - үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн башка үй-бүлө мүчөсүнө же ага теңештирилген адамга карата, атайылап жасалган, жабырлануучунун конституциялык, экономикалык, социалдык, мүлктүк ж.б. укуктары менен эркиндиктерин бузган, ошондой эле ага физикалык же психикалык азап чегип же физикалык же акыл-эс өнүгүүсүнө залал келтирген аракеттери, II категориядагы айып салууга же II категориядагы түзөтүү жумуштарына же II категориядагы коомдук жумуштарга тартуу түрүндөгү жазага алып келет.

Мурда жазанын бул түрү үчүн жоопкерчилик эсептелген көрсөткүчтөрдүн ондон жыйырмага чейинки өлчөмүндө айыппул салуу же он бештен отуз саатка чейинки мезгилге коомдук жумушка тартуу болгон.

Жоопкерчилик убактылуу коргоо ордеринин шарттарын сактабагандыгы үчүн каралган, бул айып пул салуу же II категориядагы коомдук жумуштарга тартуу түрүндөгү жазага алып келет. Ушуга байланыштуу, укук бузуулардын ушул түрлөрү үчүн жоопкерчилик күчөтүлгөнүн көрсө болот.

Жашы жете элек балдардын жеке кадыр-баркын кемсинтүүгө жана денени жазалоого тыюу салуу боюнча ченемдер башка ченемдик укуктук актыларда да чагылдырылган. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына ылайык, билим берүү уюмдарынын мугалимдери "окуучуларга карата физикалык жана моралдык зомбулуктун ыкмаларын колдонбоого" милдеттүү.

Мектептеги зордук-зомбулук үчүн кылмыш жоопкерчилигине (16 жана айрым учурларда 14 жаш)

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



же административдик (16 жаш) куракка жеткен мугалимдер дагы, студенттер дагы жоопко тартылышы мүмкүн.

Жашы жете элек кылмышкер кылмыш же административдик жоопко тартуу курагына жетпеген учурларда, ал аны менен алдын ала иш жүргүзгөн жашы жете электер иштери боюнча инспекциянын жана социалдык өнүгүү органдарынын каттоосунда турат. КРдин Кылмыш-жаза кодексинин 65-беренесинде жашы жете электерге көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү болгон билим берүү мекемесинин мугалими же башка кызматкери тарабынан (өспүрүмдү) тарбиялоо жана тарбиялоо боюнча милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн жаза каралган.

Ал эми жашы жетелек балдарга карата зомбулукту токтотуу боюнча практикалык кадамдар тууралуу талдоо жүргүзсөк, анда 2018-жылы КРдин Өкмөтүнүн "Зордук-зомбулуктун, кыйноолордун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты кемсинткен мамиленин же жазанын медициналык документтерин унификациялоо жана стандартташтыруу жөнүндө" токтомунун долбоору иштелген. Стамбул протоколунун Практикалык колдонмолорун жана принциптерин ишке ашыруусу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Адам укуктары боюнча Координациялык кеңештин 2019-жылга иш планына киргизилген [25].

Кыйноолорду жана катаал мамилелерди жоюу максатында 2012-жылы Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык "Кыргыз Республикасынын кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз мамилелердин алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору түзүлүп, ал бул багытта улуттук алдын алуу механизмин түздү.

Кыйноолорду алдын алуу максатында бул Улуттук борбордун кызматкерлери жашы жете электер жаткан бардык эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларына (психиатриялык ооруканалар, убактылуу кармоочу жайлардагы, тергөө изоляторундагы жашы жете электер үчүн камералар, жашы жете электер үчүн тарбия колониялары) күтүүсүздөн профилактикалык иш-чараларды жүргүзүшөт.

2012-2018-жылдар аралыгында Улуттук борбордун иш алып барган мезгилинде прокуратура органдары кыйноолор жана катаал мамилелер жөнүндө 28 билдирүү боюнча кылмыш ишин козгогон, бул Улуттук борбор тарабынан жөнөтүлгөн билдирүүлөрдүн жалпы санынын 3% түзөт [25, 3-б.].

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин "Республиканын Ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайларынын ишин уюштуруу чаралары жөнүндө" буйругу менен Акыйкатчы Аппаратынын өкүлдөрү жана Улуттук борбор республиканын Ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайына тоскоолдуксуз барууну уюштурушту.

Ошону менен бирге, 2014-2017-жж. аралыгында Улуттук борборго тоскоолдуктардын 46 фактысы катталып, анын ичинен үч факты боюнча кылмыш иши козголгон Улуттук борбордун кызматкерлеринин ишине тоскоолдук кылууга жана кийлигишүүгө тыюу салуунун мыйзамдуу түрдө бекемделгенине карабастан, мындай мыйзам бузуулар иш жүзүндө байкалган [25, 3-б.].

Жашы жете элек балдарга карата зомбулукту токтотуу, жарандарды кыйноонун жана катаал мамиленин алдын алуу максатында республикабызда төмөнкү иш-чаралар жүргүзүлгөн. Мисалы, КРдин Ички иштер министрлигинин имараттарында видео байкоо жабдыктары орнотулган.

Башка мисалга кайрылсак. Жаза өтөө мекемелеринде коррупцияга каршы веб-сайттын дареги көрсөтүлгөн маалымат стенддери, жарандардан, соттолгондордон жана абактагылардан алардын укуктарынын айрым бузуулары жөнүндө арыздар жана билдирүүлөр үчүн ишеним телефондору орнотулган; кызматкерлер үчүн жаза өтөө мекемелеринде мыйзамдуулукту камсыз кылуу боюнча практикалык жана методикалык жардамдар көрсөтүлөт; тергөө изоляторлорунда тергөө жүргүзүү үчүн видео көзөмөл менен сурак бөлмөлөрү бар.

Кыргыз Республикасында "Балдарга карата ырайымсыздыктын жана зомбулуктун алдын алуу боюнча иш-чаралар планы", "2016-2018-жылдарга Кыргыз Республикасында балдар жана жаштар арасындагы суициддин, укук бузуулардын жана кылмыштардын алдын алуу боюнча" ведомстволор аралык иш планы, "2019-2020-жылдарга карата Балдарга карата ырайымсыздыктын жана зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча шашылыш иш-чаралардын планы" ж.б. иш-чаралар ишке ашырылды *(1-табл.):*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



*1-таблица*

**2014-2018-жылдарга Кыргыз Республикасынын "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жөнүндө" Мыйзамынын ченемдерин ишке ашыруу боюнча көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө маалымат**

| Иш-чара | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. | 2017-ж. | 2018-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| *Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары катталды* | 3126 | 3524 | 7053 | 7333 | 7178 |
| *Кыргыз Республикасынын Ички иштер башкармалыгынын кайтаруу (убактылуу) буйруктары берилген* | 2619 | 3358 | 6966 | 7323 | 7114 |
| *Соттук коргоо ордерлерин берүү үчүн жөнөтүлгөн материалдардын саны* | - | 61 | 40 | - | - |
| *Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кылмыш иштери козголгон* | 243 | 238 | 199 | 218 | 369 |
| *Үй-бүлөлүк зомбулук үчүн административдик жоопкерчиликке тартылгандардын саны* | 1624 | 2381 | 4901 | 4946 | 5444 |
| *РИИБде "үй-бүлө башаламанчы (дебошир)" категориясында катталган адамдардын саны* | 1776 | 2003 | 4111 | 3712 | 3991 |

*Булагы:* [24].

2018-жылы жашы жете электерге карата орой мамиленин 136 фактысы катталып, анын ичинен 74 кылмыш иши козголгон, 49 кылмыш иши сотко жөнөтүлгөн [25, 4-б.].

Жашы жете элек балдарга карата зомбулукту токтотуу коопсуз билим берүү мейкиндигине да түздөн-түз байланыштуу экендигин маалым. Бул багытта 2018-жылдын 8-августунда Кыргыз Республикасынын 7 министрликтери жана ведомстволору Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелериндеги студенттерди зомбулуктан сактоо боюнча ведомстволор аралык кызматташуу жөнүндө буйрукка кол коюшту; Алматы шаарындагы ЮНЕСКОнун Кластердик бюросунун колдоосу менен “Кыргызстандагы мектептерде балдарга карата зомбулукту азайтуу” модулу иштелип чыгылган.

Республиканын мектептеринде 1859 адын алуу кеңештер түзүлүп, мугалимдер жамаатынын өкүлдөрү, жашы жете элек өспүрүмдөр үчүн инспекторлор, ата-энелер жана жогорку класстын окуучулары катышкан, атайын кабинеттер иштөөдө [25, 3-б.].

Бардык билим берүү уюмдарында укук коргоо кызматкерлери, саламаттыкты сактоо органдары, үй-бүлөлөрдү жана балдарды колдоо бөлүмдөрү арасында укук бузуулардын жана кароосуздуктун алдын алуу максатында жашы жете электердин, алардын ата-энелери жана коомчулук менен жолугушуулар, класстык сааттар, лекциялар, баарлашуулар, жолугушуулар системалуу түрдө өткөрүлүп турат.

Билим берүү уюмдарынын кызматкерлери үчүн жалпы билим берүү уюмдарында тарбия иштерин өркүндөтүү жана жетекчилердин окуучулардын өмүрү жана ден-соолугу үчүн жоопкерчилигин күчөтүү максатында "Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуучуларды зордук-зомбулуктан сактоо жөнүндө" көрсөтмө-усулдук кат иштелип чыккан [23; 26].

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигини да жашы жете элек балдарга карата зомбулукту токтотуу максатында иш жүргүзүүдө *(2-табл.).*

*2-таблица*

**Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жүргүзгөн иш-чаралар**

| Иш-чара | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. | 2017-ж. | 2018-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| *Билим берүү мекемелериндеги лекциялар* | 22311 | 32721 | 196058 | 247224 | 195303 |
| *ММКнда маалымат берүүлөр* | 495 | 657 | 1415 | 925 | 1053 |
| *Семинарлар жана башка профилактикалык иш-чаралар* | 4174 | 6248 | 23268 | 19604 | 26272 |

*Булагы:* [24].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин сайтында "Гендердик саясат" бөлүмү түзүлүп, анда "Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизги жоболору жана жардам жөнүндө маалыматтар камтылган. Ошондой эле, жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын "Келечек, камкордук, коопсуздук" бөлүмү түзүлүп, анда жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар камтылган.

Ошондой эле, 2016-жылдан бери, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдында, Кризистик кырдаалдар боюнча Бирдиктүү мамлекеттик нөөмөттүк-диспетчердик кызматы ишин баштаган, ал аялдар менен балдарга карата үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулук фактылары жөнүндө жарандардан чалууларды кабыл алат, тиешелүү жардам беришет.

Жогоруда аталган ж.б. бир топ ченемдик-укуктук актылардын кабыл алыныша карабастан, жашы жете элек балдарга карата зомбулукту токтотуу боюнча юридикалык жана практиканын башка формаларында актуалдуу маселелер арбын. Маселен, жашы жете элек балдарга карата зомбулукту токтотуу боюнча Кыргызстанда Стамбул протоколунун принциптерин саламаттыкты сактоо, билим берүүнүн практикалык чөйрөсүнө, ошондой эле жаза өтөө мекемелеринде ишке киргизүү кеңири жайылтылышына карабастан; Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин буйругу менен «Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо кызматкерлери үчүн зомбулукту, кыйноолорду жана катаал мамилелерди натыйжалуу документтештирүү боюнча практикалык колдонмо» бекитилсе да, жүргүзүлгөн иликтөөлөр, тажрыйба көрсөткөндөй, медициналык документтештирүү саламаттыкты сактоо тутумунда гана жүргүзүү жетишсиз. Эффективдүү жумуш жүргүзүү үчүн аны бардык жерде - мамлекеттик жана жеке менчик уюмдардын медициналык мекемелеринде ишке ашыруу зарылдыгын эксперттер белгилешет [22].

Медициналык документтердин формасын толтурууда сапатсыз иш-кагазын жүргүзүү көп кездешет, ошондуктан даярдалган медициналык кызматкерлердин жетишсиздиги өкүм сүрүүдө; медициналык корутундулардын сапатын баалоо, соттук-медициналык экспертизалар дагы эле болсо бир топ жетишсиз.

Жыйынтыктап айтканда, республикада жашы жете элек балдарга карата зомбулукка бөгөт коюу боюнча жумуштар пландаштарылган жана жүргүзүлүүдө. Ошону менен бирге турмуштук оор кырдаалда турган балдарды коргоо боюнча мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү улантуу зарыл. Жашы жете элек балдарга карата зомбулукту токтотууда республикада мыйзамдык негиз түзүлгөн, тиешелүү ченемдик укуктук актыларды жогорку кесипкөй деңгээлде аткаруу, ишке ашыруу - мезгил талабы.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2010-ж. 27-июнунда Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (КР 2010-ж. 27-июнундагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилди) (КР 2016-ж. 28-декабры, №218 Мыйзамынын редакциясына ылайык).
2. Баланын укуктары жөнүндө Конвенция, анын Факультативдүү протоколдору, 12.01.1994-ж.
3. Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө Кодекси, 2012-ж. 10-июлу №100 (КР 2017-ж. 27-апрел, №64, 2018-ж. 30-март, №33, 2019-ж., 24-апрел, № 56, 2020-ж. 1-август, №109 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык).
4. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, 1997-ж. 1-октябры, №68.
5. Кыргыз Республикасынын Жазык аткаруу кодекси, 2017-ж. 31-январы №17 (КР 2017-ж. 24-январы, №10 Мыйзамы менен 2019-ж. 1-январынан колдонууга киргизилген) (КР 2019-ж. 15-май, №62 Мыйзамынын редакциясына ылайык).
6. Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодекси 2003-ж., 30-августу №201 (2020-ж. 17-августу, №135 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык).
7. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо жөнүндө мыйзамы 2003-ж. 25-марты №62 (КР 2016-ж. 6-июлу, №99 Мыйзамынын редакциясына ылайык).
8. Кыргыз Республикасынын кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз мамилелердин алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борбору жөнүндө" мыйзамы, 2012-ж. 12-июлу №104.
9. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы 2003-ж. 30-апрели №92; 2020-ж. 14-августу, № 128 редакцияларына ылайык).
10. "Мугалимдердин статусу жөнүндө" мыйзамы, 2001-ж.
11. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “2015-2017-жылдарга балдарга карата ырайымсыз мамилелердин жана зомбулуктун алдын алуу боюнча иш-чаралар Планы” боюнча 2015-ж. 25 марты, №125-б буйругу.
12. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды аныктоо жана социалдык колдоо жөнүндө жобо” 2015-ж. 22-июну, N391 токтому.
13. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №479 буйругу “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-2028-жылдарга үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо программасын бекитүү” 2017-ж. 14-августу.
14. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “2019-2020-жылдарга карата Балдарга карата ырайымсыздыктын жана зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча шашылыш иш-чаралардын планын бекитүү” буйругу, 2019-ж. 29-марты N82 “2014-2018-жылдарга.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45




15. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин "Республиканын Ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайларынын ишин уюштуруу чаралары жөнүндө" буйругу, 2014-ж. 20-марты, No131-р
16. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин "Республиканын Ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайларында видеобайкоо тутуму жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө" буйругу, 2017-ж., 16-марты №226.
17. Кыргыз Республикасынын Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобо" жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомудору, 2013-ж. 2-октябры, №544, 2014. 17-сентябры №535, 2019-ж. 17-июну, №295 токтомдорунун редакцияларына ылайык).
18. "Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобо" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-ж. 24-июлу, №449 токтому.
19. "Жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки уюмдардын педагогикалык жана башкаруучу кызматкерлерине коюлган квалификациялык талаптар" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-ж. 23-октябры, №742 токтому.
20. 2016-2018-жылдарга Кыргыз Республикасында балдар жана жаштар арасындагы суициддин, укук бузуулардын жана кылмыштардын алдын алуу боюнча 2016-ж. 22-марты, №120-р ведомстволор аралык иш планы.
21. Кыргыз Республикасында балдар үчүн юстицияны өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик программа" Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2014-ж. 16-октябры, №4390-V токтому.
22. «Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо кызматкерлери үчүн зомбулукту, кыйноолорду жана катаал мамилелерди натыйжалуу документтештирүү боюнча практикалык колдонмо», Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 07.12.2015-ж. №680 буйругу менен бекитилген.
23. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 14.04. 2009-ж. №264/1 буйругу.
24. Пятый периодический доклад Кыргызской Республики о выполнении Конвенции о правах ребенка за период с 2014 по 2019 годы.
25. Специальный доклад на тему: «Насилие в отношении детей в Кыргызской Республике (отправление правосудия: законодательство и практика)» Режим доступа: https://ombudsman. kg/files/docs/reports/2016/violence-against-children.pdf
26. Кыргыз Республикасында мектеп мугалимдеринин социалдык абалы жана статусу Баяндама.- Бишкек, май, 2018 https://bulaninstitute.org/wp-content/uploads/2021/02/Report-on-the-Social-Status-of-School-Teachers.pdf
27. Таштанбек кызы А. Аялга жана жашы жете электерге карата жасалган гендердик кылмыштар жөнүндө. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 4. С. 102-106.